Жогорудагы адабий окуу предметинин билим берүүдөгү маанисин жана анын аткарган кызматына таянып, окуу көндүмдөрүн калыптандыруу максатка ылайык.

С.С.Сакиеванын аныктамасаны таянып окуу көндүмдөрүн 2 этапка ылайык сунуштадык.

1 – 2 – класста алгачкы этап деп аталып, тематикалык жана жанрдык принципти камтыган бул этапта окуучулар тыбыштардын граматикалык жактан туура артикуляцияланышын, муундап окуусун, муундап шар окуусун, шар окуусун, туура шар окуусун калыптандыруу зарыл.

- Муундап окуу
- Муундап шар окуу (муундарды кошуп окуу)
- Туура шар окуу

2 – 4 – класстарда негизги этапта окуу көндүмдөрү төмөнүдөй болуш керек.

- Шар сезимдүү окуу
- Көркөм окуу

**«Муундап окуу» - окуу көндүмү**

«Муундап окуу – үйрөтүлгөн тамга менен ал туюнтуучу тыбыштык анализ – синтез жүргүзүүнү абдан жакшы өздөштүрмөйүн ишке ашпайт.» - деп белгилейт окмуштуу С. Рысбаев. Анын сунуштап, практикада ишке ашып жаткан гипотезасына таянсак муундап окуу төмөнкүдөй этап менен жүргүзүлөт.

1. Бир үндүү тыбыштан турган ачык муундарды окутуу: а, о, у, ы
2. үндүү+үнсүздөн турган жабык муундарды окутуу: ат, от, ут
3. үнсүз+ үндүүдөн турган муундарды окуга машыгуу: та, то, те
4. үнсүз+үндүү+үнсүздөн турган муундарды окуп машыгуу: тат, бат. кат

Жогорудагыдай этап менен иш жүргүзүү мектеп практикасында да жакшы натыйжа берүүдө. Ал эми анын калыптанышы муундап окууну автоматташтыруу менен окуучуларда окуу көндүмү катары калыптануусу зарыл.

**«Муундап шар окуу» - окуу көндүмү**

Муундап окуу окуучуларда көндүм катары калыптанганда «муундап шар окуу» окуу көндүмүнө жол ачылат. Аны төмөнкүдөй этап менен уюштуруу менен калыптандыруу жакшы натыйжа бермек.

1. Эки муундуу сөздөрдү окууда муундап кошуп окуу: те+рек=терек, ки+теп=китеп
2. Тил жатыктыруучу муундарды кошуп окууга машыгуу
3. үч, төрт же андан көп муундарды кошуп, шар окууга машыгуу

Жогоруда сунушталган этаптардын айрымдарын мектеп практикасына киргизүү зарыл.

**«Туура шар окуу» окуу көндүмү**

«Туура окуу – сөздү окуганда ката жибербей, так, сөздү бузбай, интонацияны туура сактап окуу. Шар окуу – болжолдуу темп менен туура окуу иши». С.Турусбековдун жогорудагыдай аныктамасына таянып, эки окуунун түрүн бир окуу көндүм катары кароону сунуштадык. Бул көндүмдүн калыптанышында окуучу акырындык менен окуу темпин жогорулатып, сүйлөмдү туура, тыбыштык кубулуштарды туура колдонуп, ката кетирбей окуу керек.

**«Шар, сезимдүү окуу» окуу көндүмү**

Сезимдүү окуу. Окуганын туура түшүнүү, аны айтып берүү. Бул окуу көндүмүнө мектеп практикасында маани берилбей келет. Бул окуу көндүм 3 – класста уюшутурулуп жандандырылышы керек. Ал үчүн китеп окуунун техникасы купуя жана жарыя, чынжыр фомасында, окуу менен ар бир жаңы ойду, текстти талдоо менен бул окуу көндүмүнө жетишүүгө болот.

**«Көркөм окуу» окуу көндүмү**

Көркөм окуу – бул окуу көндүмдөрүнүн эң жогорку чеги болушу керек. Буга чейинки илимий эмгектерде бул көндүмгө анчалык көңүл бурулбай, аны уюштурууну калыптандыруунун жолдору аныкталган эмес. Окуу программаларында жыл акырында окуучулар ээ болуучу комптенттүүлүктөрдө интонацияны туура колдонуу 2 – класста эле калыптануусу керектиги айтылган. Бирок практикада ишке ашпай келет. Бул окуу көндүмүн уюштуруу жана калыптандыруунун жолдору боюнча илимий изилдөө ишин жүргүзүүдөбүз. Бир сөз менан айтканда, окуу көндүмдөрүн жеткен чеги көркөм окуу болуусу керек. Анткени окуучу качан туура, шар сезимдүү окуганда гана көркөм окуй алат.

Ал эми биз сунуштаган окуу көндүмдөрү калыптанганда окуучулар төмөнкүдөй компоненттүүлүккө жетишүүсү керек. Бул мектепте окуучулардын адабий билимин текшерүүдө окуу көндүмдөрүнүн нормативи боюнча текшерүүгө жетишүүнү камсыздамакчы. Анткени, жогоруда айтылгандай бүгүнкү күндө окуучулардын адабий билимин текшерүүдө окуу техникасы деп аталып, минуталык окуу менен гана чектелип калууда.

Окуучулар ээ болуучу компеттентүүлүктөр;

1 – класста жыл акырында

- муундап шар окуу
- шар окуу
- тыныш белгилерине таянып окуу
- минутасына 15 – 20 дан 35 – 40 сөз окуу

2 - классата жыл акырында

- туура шар окуу
- минутасына 35 – 40 тан – 50 – 55 сөздөн ашык окуу

3 - класста жыл акырында

- шар сезимдүү окуу
- текстте камтылган тынымдарды кандайдыр бир деңгээлде туура пайдаланып окуу
- минутасына 55 – 60 дан 70 – 75 сөз окуу

4 - класста жыл акырында

- тесте камтылган тынымдарды туура колдонуп окуу
- белгилүү деңгээлде көркөм окуу
- минутасына 80 – 85 ден 95 – 100 дөн ашыкча окуу

Биз жогорудагы көрсөткөн башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүдөгү окуу көндүмдөрү окутуу процессинде дайыма активдүү .Ошондуктан бул проблеманын изилдей турган, аларды келечек муундарга жеткире турган проблемалары арбын. Бул келечектин жумушу экендигин баса белгилеп кеткибиз келет.

***Адабияттар***

1. *С. Турусбеков.* «Башталгыч класста кыргыз тилин окутуунун методикасы» Ф. -1965
2. *С. Рысбаев.* «Алиппе окутуунун методикалык колдонмо» Б – 2011
3. *С.С. Сакиева* «Башталгыч мектептерде адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери» Б – 2010
4. *И. Бекбоев* «Инсанга багыттап окуутуунун теориялык жана практикалык түзүлүшү» Б - 2010
5. Интернет булактары